Буйрук № 481 от 03.07.18

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22-апрелиндеги №232 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-январындагы № 2 "Кыргыз Республикасында дары-дармек каражаттарына рецепт жазуу жана аларды берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомун ишке ашыруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22-апрелиндеги №232 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-январындагы № 2 "Кыргыз Республикасында дары-дармек каражаттарына рецепт жазуу жана аларды берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомун ишке ашыруу үчүн, Калкка рецепт менен берилүүчү дары-дармек каражаттарына рецепт жазууга жана аларды сатууга контролду күчөтүү максатында

**БУЙРУК КЫЛАМ:**

1. Облустук жана Бишкек, Ош ш. саламаттык сактоо боюнча координаторлору, КР ССМ караштуу Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техника департаментинин директору, менчигинин формасына жана кимге караштуулугуна карабастан, саламаттык сактоо уюмдарынын жетекчилери:

1.1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22-апрелиндеги №232 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-январындагы № 2 "Кыргыз Республикасында дары-дармек каражаттарына рецепт жазуу жана аларды берүү тартибин бекитүү жөнүндө" токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтомун жетекчиликке алышсын;

1.2. Рецепт менен берилүүчү дары-дармек каражаттары эл аралык патенттелбеген аталышы менен бекитилген үлгүдөгү рецепттердин бланктарына гана, анын ичинде ММКФ тарабынан сатылуучу дары-дармек менен камсыздоонун жеңилдетилген программаларынын алкагында бекитилген жана колдонуудагы рецепттердин бланктарына жазылары белгиленсин;